№ 64
"24"-сентябрь 2017-жыл

**Кыргыз Республикасынын**
**Шайлоо жана референдум өткөрүү**
**боюнча Борбордук**
**комиссиясынын**

**Төрайымы Н. Шайлдабековага**

КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / входящий № 01-12/2401
27 . 09 2017 ж/ы

**Урматтуу Нуржан Кармабековна!**

2017-жылдын 15-октябрына коюлган Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо алдында республикабыздын кээ бир аймактарында административдик ресурстун кеңири колдонулуп жатканына күбө болуп жатабыз.

Алсак, үстүбүздөгү жылдын 26-сентябры күнү Ош шаарындагы Шейит-Дөбө участогунун Курманжан Датка көчөсүндө жайгашкан Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер С. Жээнбековдун штабында шаардын тургундарынын биометрикалык маалыматтары чогултулуп жатканына "Азаттык" радиосунун Оштогу кабарчысы Ыдырыс Исаков күбө болгонун ошол "Азаттык" радиосунун Бишкектеги кеңсесинин кызматкери, журналист Санжар Эралиев интернет-басылмада чыгарган *(интернет шилтеме томондө көрсөтулот).*

Макалада жазылгандай, "интервью үчүн штабга барып *(Ыдырыс Исаков-журналист)*, ал ондогон адамдар кезекте турганын байкаган. Имараттын ичине кирген учурда Мамлекеттик каттоо кызматына тиешелүү биометрикалык жабдуу турганын көргөн. Бул боюнча комментарий алууга аракеттенгенде жабдууну иштетип жаткан адамдар эч кандай түшүндүрмө бербей, иш орундарын таштап кетип калышкан.

Ал эми Мамлекеттик каттоо кызматынын Ош шаардык башкармалыгынын жетекчиси Р.Алиев биометрикалык маалымат чогултуучу жабдуу аймактык кеңштердин имаратында иштөө үчүн гана берилгенин, эмне үчүн талапкер Жээнбековдун штабына берилип кеткенинен кабары жоктугун айткан.

Талапкердин штабы жайгашкан Ош шаарынын № 3 кварталдык комитетинин башчысы Нажип Эрбабаев башка имарат жок болгондуктан Жээнбековдун штабында биометрикалык маалымат чогултуу жүрүп жатканын билдирген.

Жээнбековдун Ош шаары боюнча штаб башчысы Жапар Ормонов бул маселе боюнча комментарий берген жок. "Азаттыктын" кабарчылары чалган учурда ал жыйында экенин айтып, сүйлөшүүдөн баш тартты" деп көрсөтүлөт интернет-басылмадагы макалада.

Мындан, талапкер С. Жээнбековдун Ош шаарындагы шайлоо боюнча штабы өз талапкери үчүн добуштарды алуу максатында шайлоочулардын биометрикалык маалыматтарын Мамлекеттик каттоо кызматынын Ош шаардык башкармалыгынын

жооптуу кызматкерлери менен бирдикте, мыйзамд бузуу менен иш алып барып жатат деп эсептейбиз.

Азыркы учурда, аталган мыйзам бузуу фактысы башка да массалык-маалымат каражаттарында көрсөтүлүп жана басылып чыгарылып жаткандыгын маалымат ирээтинде билдирип кетебиз *(интернет-шилтемелер төмөндө көрсөтүлөт)*.

Урматтуу Нуржан Кармабековна, Кыргыз Республикасынын Президенти ушул жылдын 15-октябрына коюлган шайлоодо административдик ресурстун колдонулуусуна бөгөт коюу, колдонулган учурларда мындай көрүнүштөргө катуу чара көрүү тууралуу 2017-жылдын 25-сентябры күнү өлкөнүн вице-премьер министри Т. Жумакадыровду жана Сизди кабыл алганда тапшырма бергендигин эске алуу менен, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 43-беренесинин 4-жана 5-беренелерин жетекчиликке алып,

с у р а н а м ы н:

1. Шайлоо мыйзамдарынын талаптарын одоно түрдө бузууга жол берген КР Президенттигине талапкер С. Жээнбековго карата тиешелүү чара көрүүнү.
2. Ош шаардык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана Мамлекеттик каттоо кызматынын жооптуу кызматкерлерине карата чара көрүү маселесин кароону.

*Маалымат ирээтинде интернет-басылмалардын шилтемелери:*

1) ttps://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_osh_jeenbekov_biometrics/28757559.html;
2) http://knews.kg/2017/09/v-oshe-sbor-biometriki-provodyat-v-shtabe-zheenbekova-v-ocheredyah-tolpyatsya-desyatki-lyudej/;
3) http://www.gezitter.org/vybory/63599_prichinyi_sbora_biometricheskih_dannyih_v_izbiratelnom_shtabe_jeenbekova_v_oshe_rassleduet_grs/#.WcpL8T4YQi4.facebook;
4) https://www.super.kg/kabar/news/203367/;
5) http://www.president.kg/kg/okujalar/zhanylyktar/10565_prezident_almazbek_atambaev_vitse-premer-ministr_temir__jumakadyirov_menen_bshknyin_torayyimyi_nurjan_shayldabekovanyi_kabyil_aldyi/print/

*Т и р к е м е: Интернет-басылмаларындагы макалалардын кочурмолору – "Азаттык уналгысынан" Ош: Биометрика жабдуусу штабдан чыкты" макаласы 2 (эки) бетте, "K-News» В Оше сбор биометрики проводят в штабе Жээнбекова: ГРС в недоумении» макаласы 1 (бир)*

*баракта, «Super.kg» Ошто биометрикалык маалыматтар эмне үчүн Жээнбековдун шайлоо штабында чогултулуп жатканын Мамкаттоо кызматы териштирип жатат» макаласы 1 (бир) баракта.*

*"Gezitter.org" Причины сбора биометрических данных в избирательном штабе Жээнбекова в Оше расследует ГРС" 1 (бир) баракта, жана КР Президентинин расмий сайтындагы "Президент Алмазбек Атамбае вице-премьер-министр Темир Жумакадыров менен БШКнын төрайымы Нуржан Шайлдабекованы кабыл алды" макаласы 2 (эки)баракта жалпысы – 7 (беш) баракта.*

**КР Президентинин кызмат**
**ордуна талапкер Б. Төрөбаевдин**
**шайлоо боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү** **А. Конутаев**

(тел: 0550 50 98 98)